тек:

5- класс 25.02.2022-жыл кыргыз тили сабагы

Сабактын темасы: **Зат атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү**

| Негизги компетенттүүлүктөр | Предметтик компетенттүүлүктөр |
|---|---|
| Маалыматтык<br>Алган маалыматтарын кабылдап , негизги ойду аныктоо менен , алынган маалыматтарың так баяндайт ; | ПК- 1 Тилдик компетенттүүлүк – тилдин системасын, тактап айтканда , тилдин түзүлүшү , анын категориялары тууралуу билимге ээ болуу , орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулукка жетишүү ; |
| Социалдык- коммуникативдик<br>Оозеки жана жазуу жүзүндө берилген маалыматтарды кабылдоо менен , өз ара аракеттенүүнү калыптандырат ; | ПК- 2 Кептик компетенттүүлүк – кырдаалдарга жана тилдик нормаларга ылайык жазуу жана оозеки формада карым-катнашты ишке ашыруу , өзүнүн кептик мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтөт ; жана сөздүк корун байытуу , байланыштуу кебин , сүйлөө жазуу маданиятын өркүндөтөт . |
| Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү аныктоо<br>Маалыматтан карама- каршылыктарды табат , маселени чечүүнүн жолдорун айтуу менен өз пикирин далилдейт . | ПК – 3 Маданий компетенттүүлүк– тилдин улуттук – маданий өзгөчөлүгүн үйрөнөт , тил аркылуу элдин улуттук баалуулуктарын таанып – билет , элдик этномаданий лексиканы өздөштүрөт . |
| Сабактын максаты: | Көрсөткүчтөр :<br>Жогорудагы максаттар ишке ашат , эгерде окуучу : |
| **1.Билим берүүчүлүк :**<br>Окуучулар зат атоочтун лексикалык, морфологиялык жана синтаксистик белгилери боюнча түшүнүк алышат. | - зат атоочтун лексикалык. морфологиялык жана синтаксистик белгилери боюнча түшүнүк алса; |
| **2.Өнүктүрүүчүлүк :**<br>Окуучулар грамматикалык талдоонун (морфологиялык) түрлөрүнө машыгуу менен кеп маданияты өнүгөт. | - грамматикалык талдоонун түрлөрүнө (морфологиялык) машыкса; |
| **3. Тарбия берүүчүлүк:**<br>Билимдерин турмушта колдоно билүүгө , пикирин далилдей билүүгө багыт алышат . | - билимдерин турмушта колдоно билүүгө |

Сабактын тиби : Жаңы билимди өздөштүрүү сабагы


Сабактын жабдылышы : Таблицалар , сүрөттөр , ырлар , видео материалдар , слайд

Окутуу усулу : интерактивдүү усул


Предмет аралык байланыш : кыргыз адабияты , тарых

**САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ:**

| Сабактын этабы | Мугалимдин иш-аракети | Окуучулардын иш-аракети | Баалоо | Окуучуларда калыптануучу компетенттүүлүктөр | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | НК | ПК |
| Уюштуруу учуру ( 3 мүнөт) | *Окуучулар менен саламдашып , толуктап класстын тазалыгын көзөмөлдөп , сабакка даярдоо .<br>Сабакка жагымдуу маанай түзүү<br>Алтын эрежени эске алуу<br> | Окуучулар мугалим менен саламдашат , сабакка даярданышат .<br>*Алтын эрежени эске алышат* |  | | |
| Үй тапшырма сын |   | Берилген тапшырмаларды иштешти . | Үй тапшырмасы бааланат | НК-2-3 | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Өтүлгөн темаларды кайталоо ( 3 мүнөт ) | Жандооч, байламта, бөлүкчөлөр эмне үчүн маани бербөөчү топко кирет ?<br><br>Кыргыз тилинде канча сөз түркүмдөрү бар жана алар кайсылар ? | Суроолорго активдүүлүк менен так , туура жооп берүүгө аракеттенишет . | Бааланды | | ПК-1-2-3 |
| Тема боюнча зарыл болгон маалыматтарды берүү ( 10 мүнөт ) | Зат атооч башка сөз түркүмдөрүнөн семантикалык жактан заттык маанини билдиргендиги менен айырмаланат. Аларга ким? эмне? кимдер? эмнелер? деген суроолор берилет.<br>Кыргыз тилинде чыныгы заттар (китеп, терезе, класс, окуучу, бак) гана эмес, абстракттуу түшүнүктөр (ой, пикир, кыял, максат), иштин иштөөчү менен байланыштырылбаган кыймыл-аракеттер (жарыш, мелдеш, жек көрүү), жаратылыштагы кубулуштар (шамал, чагылган, бороон, жаан), абстракттуу сапаттар (акылдуулук, жакшылык, тереңдик) да зат катары каралат.<br> | Тема боюнча түшүнүк алышат .<br><br>Зат атоочтун заттык мааниси атайын грамматикалык белгилер аркылуу аныкталат. Ал белгилер конкреттүү алганда морфологиялык жана синтаксистик белгилер болуп экиге бөлүнөт.<br><br>Оозеки мисалдарды келтиришет .<br>Мугалим менен биргеликте иштешет | <br>Калыптандыруу-чу баалоо<br><br>Кайтарым байланыш<br><br> | НК-1-2-3 | ПК-1-2-3 |
| Көнүгүү иштөө ( 14 мүнөт ) | **354-көнүгүү**<br>берилген мүчөлөрдү улап мисалдар келтирет жана ал сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыратып, мүчөнүн кайсы түрү экендигин аныкташат.<br><br><br>Физикалык эс алуу:<br> | 354-көнүгүүнү жана берилген тапшырмаларды аткарышат .<br>Оозеки мисалдарды келтиришет .<br><br>Берилген физикалык көнүгүүнү жазашат | <br>Окуучулардын аткарган иштери бааланып шат | НК-1-2-3 | ПК-2-3 |
| Сабакты бышыктоо ( 5 мүнөт |  | Суроолорго активдүүлүк менен жооп берүүгө аракеттенишет . | **Азаматсыңар !** | НК-2-3 | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 1. Зат атоочтун лексикалык белгиси кайсы?<br>2. Зат атооч сөздөрдүн баары тең жакталабы же жакталбайбы? Мисал келтиргиле.<br>3. Таандык мүчө уланган зат атоочтордон бир нечени тапкыла? | | Окуучулардын аткарган иштери бааланышшат<br> | | |
| Тапшырма берүү : ( 2 мүнөт ) | **360 – көнүгүү**<br>Зат атооч ээ, баяндооч, аныктооч, толуктооч жана бышыктоочтук милдет аткаргандай кылып сүйлөм түзгүлө. | Үйгө берилген 360-көнүгүүнү аткаруу шарты боюнча түшүнүк алышат . | Күндөлүктөрүнө жазышат | НК-2-3 | **ПК-1-2-3** |
| **Баалоо ( 3 мүнөт)** | **Окуучулардын билимин баалоонун талаптары:**<br>- Окуучунун теманы өздөштүрүүсү;<br>- Маани берүүчү же кызматчы сөз экенин аныктоосу;<br>- Мисалдар менен далилдеп бере алышы;<br>- Суроолорго так жооп берүүсү;<br>- Сүйлөө кебинде далилдерди пайдаланышы;<br>- Ойлорун тартынбай толук айтышы;<br>- Көнүгүүлөрдү эрежесине жараша туура аткаруусу .<br>Сабакка активдүү катышкан окуучулардын жалпы билимин эске алуу менен баалап , күндөлүктөрүнө баа коюп берүү | Күндөлүктөрүнө баа койдурушат . | <br>Жалпы билимин эске алуу менен мугалим баалайт . | | |



## АШЫКЧАСЫН АЛГЫЛА.

Сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө ажыратууда алардын табиятына ылайык кайсы принциптерге негизделет?

Грамматикалык, лексикалык, фонетикалык, морфологиялык, пунктуациялык, орфоэпиялык, синтаксистик, орфографиялык, фразеологиялык, стилистикалык.

# КЫРГЫЗСТАН

| Зат атооч: | Зат атооч: | Этиш: | Этиш: |
|---|---|---|---|
| кыргыз | каз | кыр | эк |
| ата | кыз | ат | сыз |
| каган | ар | каран | сызат |
| кар | ээк | кат | катат |
| сан | кан | сат | санат |
| ыр | араа | сана | карат |
| азат | нан | атат | агат |